**Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги**

**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**

**«Бекитем»**
Ж.Баласагын атындагы КУУнун ректору
проф. Т.А. Абдырахманов
_______________
«___» ___________ 2023-ж.

«Бекитилди»
КУУнун Окумуштуулар кеңешинин

чечими менен протокол №_4_ «_25_» _декабрь_ 2023-ж

# ЖОБО

## Ж.Баласагын атындагы КУУнун кызматкерлеринин Scopus жана Web of Science шилтемелөө маалыматтык-аналитикалык тутумдарында индекстелүүчү басылмаларда жарыялоо активдүүлүгүнө өбөлгө түзүү жөнүндө

**Бишкек -2023-ж.**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Ж.Баласагын атындагы КУУнун кызматкерлеринин Scopus жана Web of Science шилтемелөө маалыматтык-аналитикалык тутумдарында индекстелүүчү басылмаларда жарыялоо активдүүлүгүн шыктандыруу жөнүндө жобо (мындан ары – Жобо) Ж.Баласагын атындагы КУУнун (мындан ары – Университет, КУУ) кызматкерлеринин Scopus жана Web of Science шилтемелөө эл аралык индекстерине киргизилген россиялык же чет өлкөлүк илимий басылмалардагы жарыялоолордун санын көбөйтүүгө, алардын сапатын (анын ичинде цитаталанышын) жогорулатууга, ошондой эле Университеттин жана илимий-изилдөөчүлүк уюмдардын кыргыз жана дүйнөлүк рейтингдериндеги позициясын жогорулатууга өбөлгө түзүүчү иш-чаралардын тутумун иштеп чыгуу максатында иштелип чыкты.

1.2. Бул Жобо «Университеттин Scopus жана Web of Science илимий цитаталоо маалыматтык-аналитикалык тутумунда индекстелүүчү жарыялоолордун саны» максаттык көрсөткүчтөрүнүн Университет тарабынан аткарылышы үчүн КУУнун кызматкерлеринин Scopus жана Web of Science шилтемелөө маалыматтык-аналитикалык тутумдарында индекстелүүчү басылмаларындагы жарыялоо активдүүлүгүн материалдык шыктандыруунун тартибин аныктайт.

1.3. Бул Жобо КУУнун кызматкерлеринин Scopus жана Web of Science шилтемелөө маалыматтык-аналитикалык тутумдарында индекстелүүчү басылмаларындагы жарыялоо активдүүлүгүн материалдык шыктандыруунун чараларын уюштурууга талаптарды, материалдык шыктандыруу максатында кароого кабыл алынуучу жарыялоолорго жана автордук салымды тастыктоочу документтерге талаптарды, төлөмдөрдү эсептөө жана ишке ашыруу талаптарын аныктайт.

1.4. Бул Жободо төмөнкү түшүнүктөр жана аныктамалар колдонулат:

Жарыялоо активдүүлүгү – автордун же илимий жамааттын, же башка жамааттык автордун (уюм, регион, өлкө) илимий-изилдөө ишмердигинин илимий жарыялоо түрүндө ишке ашырылган натыйжасы.

*Илимий цитаталоо* - маалыматтык-аналитикалык тутумунда индекстөө – журнал, жарыялоо, метамаалыматтар жөнүндө маалыматты илимий цитаталоо

маалыматтык-аналитикалык тутумуна жайгаштыруу же жарыялоолорду илимий цитаталоо маалыматтык-аналитикалык тутумунда маалыматтары камтылган журналда жайгаштыруу.

*Жарыялоо* – макала, биография, монография, резюме, конспекти, клиникалык изилдөө, түзөтүү, ката, баяндаманын тезиси ж.б. түрүндө чагылышы мүмкүн болгон илимий, публицистикалык, илимий-популярдуу чыгарма.

*Макала* – жыйнактагы, журналдагы же гезиттеги кичине өлчөмдөгү илимий, публицистикалык, илимий-популярдуу чыгарма.

*Конференциянын материалдары* – баяндамалар түрүндөгү конференциянын жыйынтыгын камтыган мезгилдүү эмес жыйнак (же жыйнактагы жарыялоо).

*Scopus* – Elsevier компаниясынын шилтемелөө маалыматтык-аналитикалык индекс тутуму (www.scopus.com).

*Web of Science* – Thomson Reuters компаниясынын шилтемелөө маалыматтык-аналитикалык тутуму (www.webofknowledge.com).

*Квартиль Q* - Web of Scienceтин маалыматтык базасы үчүн Journal Citation Reportsтун (JCR), Scopusтун маалыматтык базасы үчүн SCIMago Journal Rankтин (SJR) негизинде цитаталануу деңгээлин, башкача айтканда журналдын илимий коомчулук тарабынан суроо-талапка ээ болушун чагылдыруучу библиометрикалык көрсөткүчтөр аркылуу аныкталуучу илимий журналдардын категориясы. Q1 эң жогорку категория болуп эсептелет.

*Аффилиация* – жарыялоонун авторунун тигил же бул илимий, билим берүүчү же эксперттик уюм менен байланышын көрсөтүү. Автордун негизги жумуш орду же изилдөө жүргүзүлгөн уюм көрсөтүлүшү мүмкүн.

*Чет өлкөлүк авторлош* – Жарыялоонун аффилиациясында жайгашкан өлкөсү Кыргызстандан айырмаланган уюмду көрсөткөн автору.

*Жаңы автор* – ушул Жобонун талаптарына жооп берген, Жарыялоого таандык болгон цитата базасында (Scopus жана Web of Science) буга чейин индекстелбеген Басылманын автору.

1.5. Бул Жобо, ошондой эле ага өзгөртүүлөр жана толуктоолор Университеттин Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилет.

## 2. Жарыялоого талаптар

2.1. Кароого автордук реквизиттеринде (аффилиациясында) жумуш орду катары КУУну көрсөткөн жана кийинчерээк Scopus жана Web of Science маалыматтык-аналитикалык тутумдарында Университеттин профилине (чет тилдеги аталышынын каалаган вариантында, мисалы, Kyrgyz national university named after Jusup Balasagyn) киргизилген авторлордун жарыялоолору кабыл алынат.

2.2. Кароого «research articile» (илимий макаладан) башка «biographical-item» (биография), «in book»/ «book chapter» (монографиянын бөлүмдөрү), «abstract» (аннотация, резюме), «clinical trial» (клиникалык изилдөө), «correction» (түзөтүү), «erratum» (мурдагы каталар), «meeting abstract» (тезистер) типтеринен тышкары Scopus жана Web of Science шилтемелөө маалыматтык-аналитикалык тутумдарында индекстелүүчү бардык жарыялоолор кабыл алынат.

2.3. Кароого Кыргыз Республикасынын ачык жарыялоо жана экспорттук көзөмөл аймагындагы мыйзамдарынын талаптары аткарылган жана ачык жарыялоо мүмкүндүгү жөнүндө корутунду жана КУУнун Эксперттик көзөмөлдүн ички комиссиясынын эксперттик корутундусу алынган жарыялоолор кабыл алынат.

2.4. Эгер жарыялоо бир мезгилде эки библиографиялык база боюнча индекстелип жатса, анда эсеп Scopus базасы боюнча жүргүзүлөт.

## 3. КУУнун кызматкерлеринин жарыялоо активдүүлүгүн колдоо боюнча иш чараларды жүзөгө ашыруу тартиби

3.1 Кызматкерлердин жарыялоо активдүүлүгүнө дем берүү, ар бир жылдын 10-январынан баштап, Scopus жана Web of Science маалыматтык-аналитикалык тутумдарда индекстелген цитаталар боюнча өткөн календардык жылдагы жарыялоолор боюнча жүргүзүлөт.

3.2. Авторлор жарыялоо активдүүлүгүн колдоо боюнча иш чаралардын алкагында - КУУнун кызматкерлери, ордун алмаштыргандар, ар бир календардык жылдын 10-январына карата университеттин педагогикалык жана илимий

кызматкерлеринин кызмат орундарын ээлеген, алардын энчисине, кызмат акысына жана жумуш ордунун түрүнө карабастан (негизги иштеген жери, айкалыштырып иштеген иши (ички, тышкы)) стимулдаштыруу төлөмдөрүн алуу укугуна ээ.

3.3. КУУнун кызматкерлерин стимулдаштыруу алардын эмгек маянасына 12 айлык мөөнөткө ай сайын кошумча акы төлөө аркылуу ишке ашырылат. Төлөмдөр иш жүзүндө иштеген убактысын эсепке албастан ишке ашырылат.

Кызматкердин эмгек маянасына, ай сайын стимулдаштыруучу кошумча акынын өлчөмү ар бир басылма үчүн, ушул Жобонун 5.6, 5.7-пункттарына ылайык эсептелген, 12ге бөлүнгөн, ушул жобонун шарттарын канааттандырган, төлөмдөрдүн суммасы катары аныкталат.

3.4 Жарыялоо активдүүлүгүн колдоо боюнча чаралардын алкагында ай сайын стимулдаштыруучу кошумча акы төлөө мезгилинде, кызматкер, тараптардын макулдашуусу боюнча же өз каалоосу боюнча жумуштан бошотулганда, кызматкерге ушул Жобонун 3.3-пунктунда каралган каражаттардын калдыгы “бир жолу” төлөнүп берилет.

**4. Басылмаларды эсепке алуу жана талдоо тартиби**

4.1 Басылмалардын эсебин, ар бир календардык жылдын 10-январына чейин, илимий метрикалык жана илимий изилдөөлөрдү уюштуруу бөлүмү (мындан ары – ИМ жана ИИУ) жүргүзөт.

4.2 Scopus жана Web of Science маалыматтык-аналитикалык тутумдарда жарыялоо индекстелгенден кийин, бөлүм, Scopus жана Web of Science (мындан ары – Билдирүү) (1-тиркеме) маалыматтык-аналитикалык системаларда индекстелген басылмаларда жарыялоо жөнүндө билдирүү даярдайт жана аны басылманын авторлоруна макулдашууга жөнөтөт.

4.3. Билдирүү ар бир басылма үчүн өзүнчө жол-жоболоштурулат.

4.4. Эгерде жарыялоонун автору илимий жамаат болсо, ушул Жобонун 3.2-пунктунун талаптарын канааттандырган, ар бир авторлоштун Жарыяланган материалына салымдын үлүшүн милдеттүү түрдө көрсөтүү менен бир билдирүү түзүлөт.

4.5. Пландык-финансылык бөлүм ар бир календардык жылдын 15-январына чейинки мөөнөттө макулдашылган Кабарлоолорду эсепке алууну жана талдоону жүзөгө ашырат, автордук үлүштү эске алуу менен төлөмдүн өлчөмүн аныктайт, Жарыялоо ишин материалдык жактан стимулдаштырууга статьяларды жана фамилия тизмесин тариздейт.

4.6. Авторлор макулдашылган билдирүүнү бербесе, автордук салым, ушул Жобонун 3.2-пунктунун талаптарына ылайык, бардык авторлордун ортосунда бирдей үлүштө бөлүштүрүлөт.

4.7. Бөлүм, ар бир календардык жылдын 15-январына чейинки мөөнөттө илимий иштер боюнча проректор, институттардын директорлору, факультеттердин декандары, пландоо, талдоо жана бухгалтердик эсеп башкармалыгы жана кадрдык башкаруу башкармалыгы менен Жарыялоо активдүүлүгүнө материалдык түрткү берүүгө статьяларды жана фамилия боюнча тизмелерди макулдашат.

4.8 Бөлүм, ар бир календардык жылдын 20-январына чейин, макала жана фамилия тизмелерин, жарыялоо активдүүлүгүн материалдык стимулдаштыруу үчүн, каралган төлөмдөрдүн өлчөмүн көрсөтүү менен буйруктун долбоорун даярдоо үчүн кадрлар бөлүмүнө жөнөтөт.

## 5. Жарыялоо төлөмдөрүн эсептөө тартиби.

5.1 Жарыялоо үчүн төлөмдүн өлчөмү Scopus жана Web of Science маалыматтык-аналитикалык цитаталар системаларында жарыялоонун түрүн жана жарыялоонун квартилин эске алуу менен аныкталат.

5.2 Басылмада чет өлкөлүк авторлоштор бар болсо, басылма үчүн төлөмдүн өлчөмү 20 % көбөйөт.

5.3 Басылмада ушул Жобонун 3.2-пунктунун талаптарын канааттандырган жаңы авторлор болгон учурда Scopusтун жана Web of Science биринчи Q1 жана экинчи Q2 квартилдеринде жарыялоо төлөмүнүн өлчөмү 10 % га көбөйөт.

5.4. Scopus жана Web of Science маалыматтык-аналитикалык цитаталар системаларында жарыялоо квартили ар бир календардык жылдын 10-январына карата бирдей мааниге ээ болуп кабыл алынат.

5.5. Жарыялоо үчүн төлөмдүн өлчөмүн эсептөөнүн формуласы жыл сайын университеттин буйругу менен бекитилет жана КУУнун расмий сайтында жарыяланат.

5.6. Ушул Жобонун 5.1-5.3, пунктуна ылайык, билдирүүдө көрсөтүлгөн басылманы түзүүгө конкреттүү автордун - КУУнун кызматкеринин жеке катышуу пайызына, ар бир жумушчуга төлөнүүчү сумма жарыялоо үчүн төлөнүүчү сумманын натыйжасы катары аныкталат.

5.7. Автордо ушул Жобонун шарттарын канааттандырган бир нече басылмалар бар болсо, алардын ар бири үчүн төлөмдөр суммаланат.

Тиркеме1

**"КУУнун кызматкерлеринин Scopus жана Web of Science цитаталоонун маалыматтык-аналитикалык системаларында индекстелген басылмалардагы Жарыялоо активдүүлүгүн стимулдаштыруу жөнүндө" жобого**

**Scopus жана Web of Science маалыматтык-аналитикалык системаларында индекстелген басылмаларда жарыялангандыгы жөнүндө кабарлоо.**

Басылманын аталышы / макаланын аталышы
Макала жарыяланган журналдын аталышы
Жыл
Номери же чыгарылышы (бар болсо)
Том (бар болсо)
Барактар
Авторлордун саны
Журналдын Жарыялоо багыты боюнча квартили:
Чет элдик авторлоштордун болушу:
Жаңы авторлордун болушу:
Санариптик объект идентификатору (DOI) (бар болсо)

Макаланын 1-авторлорунун Аты-жөнү, Ж. Баласагын атындагы КУУда институт / факультет, кафедра, ээлеген кызматы,
катышуу %
Илимий даражасы, наамы

Макаланын 2-авторлорунун Аты-жөнү, Ж. Баласагын атындагы КУУда институт / факультет, кафедра, ээлеген кызматы,
катышуу %
Илимий даражасы, наамы

____________

Датасы

Авторлоштор

1)_______________/____________
(кол тамга) (ФИО)

2)_______________/ ____________
(кол тамга) (ФИО)